**Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кенешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларын 2026-жылдын 1-январынан баштап 50% жогорулатуу боюнча Балыкчы шаардык Кеңешине кайрылууга**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максат жана милдет

Бул негиздеме-маалымкат Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларын 2026-жылдын 1-январынан тартып 50 пайызга жогорулатуу маселесин кароо үчүн даярдалды.

Максаты — муниципалдык кызматчылардын эмгегине тийиштүү дем берүү, кадрдык туруктуулукту камсыз кылуу, иш жүгүнүн көбөйүшүнө пропорционалдуу эмгек акы шарттарын түзүү жана калкка көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу.

## 2. Баяндоочу бөлүк

Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акылары 2022-жылдын 1-августунан бери кайра каралган эмес. Аталган мезгил аралыгында өлкөдө социалдык- экономикалык шарттар олуттуу өзгөрүп, жашоо минимуму жана керектөө товарларынын баалары туруктуу өсүүдө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, 2022–2025-жылдар аралыгында инфляциянын жалпы деңгээли өсүп, калктын реалдуу кирешесине терс таасирин тийгизүүдө. Ушуга байланыштуу муниципалдык кызматкерлердин эмгек акыларынын учурдагы өлчөмү кызматкерлердин социалдык муктаждыктарын толук камсыз кылууга жетишсиз болуп калууда.

Мындан тышкары, 2024-жылдын 1-апрелинен тартып административдик-аймактык реформанын алкагында Балыкчы шаарына Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн кошулушу менен мэриянын жана шаардык Кеңештин кызматкерлерине кошумча функционалдык милдеттер жүктөлдү. Калктын санынын, тейленүүчү аймактын жана маселелердин көлөмүнүн көбөйүшү кызматкерлердин иш жүгүн олуттуу арттырды. Бирок иш көлөмүнүн көбөйүшүнө карабастан, эмгек акынын өлчөмү мурдагы деңгээлде калууда.

Эмгек акылардын төмөн деңгээли кадрлардын бат-баттан алмашуусуна, тажрыйбалуу адистердин башка тармактарга кетишине жана муниципалдык

кызматтын кадыр-баркынын төмөндөшүнө алып келүүдө. Бул өз кезегинде калкка көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын сапатына терс таасир тийгизүү коркунучун жаратат.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, кызматкерлердин эмгек мотивациясын жогорулатуу, кадрдык туруктуулукту камсыз кылуу, аткаруучу органдардын ишинин натыйжалуулугун арттыруу жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртуу максатында Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларын 2026-жылдын 1-январынан тартып 50 пайызга жогорулатуу зарылчылыгы келип чыгууда.

**2. Укуктук негиздер жана долбоордун мыйзамдарга шайкеш келүүсүнө талдоо**

2022-жылдын 1-августундагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" ПЖ № 266 Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык муниципалдык кызматчыларга эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү, ошондой эле алардын эмгегине дем берүү максатында Жарлыктын 4. Пунктунда "Жергиликтүү бюджеттин мүмкүндүктөрү болгон учурда, республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган, жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген үстөктөрдү белгилеши мүмкүндүгү" белгиленген.

Сунушталып жаткан регуляциялык чечим Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына толук шайкеш келет.

Биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктуна ылайык, жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрү болгон учурда, республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган жана жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген үстөктөрдү белгилөөгө укуктуу экендиги так белгиленген.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Токтомунун 4-пунктуна ылайык, республикалык маанидеги шаарларды кошпогондо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрү болгондо, шаардык кеңештин чечими менен бекитилген өлчөмдө тейлөө персоналынын кызматтык маяналарына үстөктөрдү белгилөөгө укуктуу.

Сунушталып жаткан долбоор дал ушул укуктук нормаларга негизделип иштелип чыгып, Балыкчы шаары республикалык маанидеги шаарлардын тизмесине кирбегендигин эске алуу менен, мыйзамда каралган ыйгарым укуктардын алкагында кабыл алынууда.

Мындан тышкары, долбоор Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин эмгекке акы төлөөдө адилеттүүлүк, теңдик жана кызматкердин эмгек салымына ылайык компенсация берүү принциптерине толук шайкеш келет.

Долбоор Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын жоболоруна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын бюджеттик ыйгарым укуктарынын чегинде ишке ашырылат жана шаардык Кеңештин компетенциясына кирет.

Сунушталып жаткан регуляция жаңы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууну талап кылбайт, колдонуудагы мыйзамдарга каршы келбейт жана жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик актылар менен карама-каршылык жаратпайт.

Жыйынтыгында, долбоор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толук шайкеш келет жана аны кабыл алууга укуктук тоскоолдуктар жок деп бааланат.

## 3. Мурдагы чечимдер жана аларды кайра кароо зарылдыгы

Балыкчы шаардык Кеңешинин **XXVIII чакырылышынын XV сессиясынын 2023-жылдын 13-мартындагы №3 токтомунун 1-пункту** менен тейлөө жана кенже кызматкерлердин эмгек акыларына 5 000 (беш миң) сом өлчөмүндө кошумча төлөмдөр каралган.

Учурда эмгек акыларды системалуу түрдө 50 пайызга жогорулатуу маселеси көтөрүлүп жаткандыгына байланыштуу, аталган токтомдун 1-пунктун жокко чыгаруу (Балыкчы шаардык Кенешинин XXVIII чакырылышынын XV сессиясынын 13.03.2023-жылдагы №3 Токтомун күчүн жоготту деп таануну) зарылчылыгы келип чыгууда.

## 4. Социалдык-экономикалык негиздеме :

Муниципалдык кызматкерлердин эмгек акылары **2022-жылдын 1-августунан бери** өзгөртүлгөн эмес. Бул аралыкта өлкөдө инфляциянын өсүшү, керектөө товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын жогорулашы байкалууда.

Мындан тышкары, **2024-жылдын 1-апрелинен тартып** административдик-аймактык реформанын алкагында **Кок-Мойнок айыл өкмөтүнүн Балыкчы шаарына кошулушу** мэриянын жана шаардык Кеңештин кызматкерлерине кошумча функционалдык милдеттерди жүктөдү. Калктын саны, тейленүүчү аймак жана чечилүүчү маселелердин көлөмү олуттуу көбөйгөн.

Бул жагдайлар иш жүгүн арттырып, бирок эмгек акынын өлчөмү мурдагы деңгээлде калып, кадрлардын агымына жана кызматкерлердин мотивациясынын төмөндөшүнө алып келүүдө.

Учурда Балыкчы шаарынын мэриясынын жана шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акылары кызматкерлердин иш жүгүнө жана социалдык-экономикалык шарттарга шайкеш келбейт.

Иш көлөмүнүн көбөйүшү, калктын санынын жана тейленүүчү аймактын кеңейиши кошумча адамдык ресурстарды жана жогорку жоопкерчиликти талап кылууда. Бирок эмгек акынын өзгөрбөшү кадрлардын агымына, тажрыйбалуу адистердин кетишине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүнүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнө алып келүү коркунучун жаратат.

## 5. Каржылоо зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат

Балыкчы шаарынын мэриясынын жана шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын 50 пайызга жогорулатуудагы эмгек акы фондусу —

- Балыкчы шаарынын мэриясы - 25 630 938 сом
- Бадыкчы шаардык Кеңеши- 3 246 407 сом

Жалпы сумма : **28 877 345** сомду түзөт

**2025-жылы:**

Балыкчы шаарынын мэриясында жалпы 26 кызматкер болгон, анын ичинен 17 -муниципалдык кызматкерлер, 4 -тейлөө персонал, 5- контрактык негизде кызматчылар.

Шаардык Кеңеште – жалпы 4 кызматкер (2 муниципалдык кызматкер, 2-тейлөө персоналдары)

**2026-жылы:**

Балыкчы шаарынын мэриясында жалпы 33 кызматкер , анын ичинен 24 - муниципалдык кызматкерлер (2026-жылдын январынан баштап 7 кошумча штаттык бирдик ачылды) 4 -тейлөө персонал, 5- контрактык негизде кызматчылар.

Шаардык Кеңеште – жалпы 4 кызматкер (2 муниципалдык кызматкер, 2-тейлөө персоналдары)

Көрсөтүлгөн кошумча чыгымдар жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде, бюджетти тактоо жана оптималдаштыруу аркылуу камсыз кылынат.

Сунушталып жаткан маселени ишке ашыруу Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акы фондусун 50 пайызга жогорулатууга байланыштуу кошумча каржылоону талап кылат.

Каржылоо зарылдыгы эмгек акыларды жогорулатуу менен түздөн-түз байланыштуу болуп, башка кошумча административдик же капиталдык чыгымдарды (жаңы штаттык бирдиктерди ачуу, материалдык-техникалык базаны кеңейтүү ж.б.) талап кылбайт.

Кошумча чыгымдардын көлөмү Балыкчы шаарынын жергиликтүү бюджетинин алкагында жүргүзүлгөн финансылык эсептөөлөрдүн негизинде аныкталат жана төмөнкүдөй булактардан камсыз кылынат:

- жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышынан жана ашыгы менен аткарылышынан түшкөн каражаттар;
- жергиликтүү бюджетти тактоо (корректировка) процессинде оптималдаштырылган чыгымдар;
- бош калган же үнөмдөлгөн эмгек акы фондусунун каражаттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.

Сунушталып жаткан регуляция республикалык бюджеттен кошумча трансферттерди же субсидияларды бөлүүнү талап кылбайт жана жергиликтүү бюджеттин туруктуулугуна терс таасирин тийгизбейт.

Каржылоо чаралары Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, ошондой эле жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу тартибин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларга толук шайкеш жүзөгө ашырылат.

Жыйынтыгында, сунушталып жаткан регуляцияны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каржылоо реалдуу, негиздүү жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде камсыз кылынат деп бааланат.

## 6. Альтернативдүү жөнгө салуу варианттары

**1-вариант: Учурдагы абалды сактап калуу**
Бул вариантта эмгек акылар жогорулатылбайт. Натыйжада кадрлардын агымы уланат, кызматкерлердин мотивациясы төмөн бойдон калат жана кызмат көрсөтүүнүн сапатына терс таасир тийгизет.

**2-вариант: Эмгек акыларды 50 пайызга жогорулатуу (сунушталуучу вариант)**
Бул вариант муниципалдык кызматчылардын эмгегине тийиштүү дем берүүгө, иш жүгүнө шайкеш компенсация түзүүгө жана муниципалдык кызматтын кадыр-баркын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

## 7. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору:

Сунушталып жаткан чечимди кабыл алуунун социалдык, экономикалык, укуктук жана башка кесепеттерине төмөнкүдөй баа берилет:

**Социалдык кесепеттер:**
Муниципалдык кызматкерлердин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларынын жогорулашы алардын социалдык абалын жакшыртууга, эмгек мотивациясын арттырууга жана кадрлардын туруктуулугун камсыз кылууга оң таасирин тийгизет. Бул өз кезегинде калкка көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын сапатынын жогорулашына алып келет.

**Экономикалык кесепеттер:**
Эмгек акы фондусунун көбөйүшү жергиликтүү бюджеттен кошумча чыгымдарды талап кылганы менен, аталган чыгымдар жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде пландалат. Муниципалдык кызматкерлердин сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашы жергиликтүү экономикага кыйыр түрдө оң таасирин тийгизет.

**Укуктук кесепеттер:**
Сунуш Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 Токтомунун

талаптарына толук ылайык келет. Чечимди кабыл алуу колдонуудагы мыйзамдарга каршы келбейт жана кошумча укуктук ченемдик актыларды кабыл алууну талап кылбайт.

**Укук коргоочулук кесепеттер:**

Муниципалдык кызматкерлердин эмгекке болгон укуктарын жана адилеттүү эмгек акы алуу принциптерин камсыз кылууга шарт түзүлөт. Эмгек мыйзамдарында каралган социалдык кепилдиктер сакталат.

**Гендердик кесепеттер:**

Сунушталган чечим гендердик нейтралдуу мүнөзгө ээ. Эмгек акынын жогорулашы аялдар жана эркектер үчүн тең укуктуу негизде колдонулат жана гендердик теңчилик принциптерин бузбайт.

**Экологиялык кесепеттер:**

Сунушталган чечим экологиялык абалга түз же кыйыр терс таасирин тийгизбейт.

**Коррупциялык тобокелдиктер:**

Эмгек акыларды жогорулатуу муниципалдык кызматта иштеген кызматкерлердин материалдык кызыкчылыгын мыйзамдуу жол менен камсыз кылууга өбөлгө түзүп, коррупциялык тобокелдиктердин азайышына оң таасирин тийгизет.

**8. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат (коомдук талкууну талап кылынбайт):**

Бул маселе боюнча алдын ала талкуулар Балыкчы шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин, муниципалдык кызматкерлердин жана тейлөө персоналынын өкүлдөрүнүн катышуусунда өткөрүлдү.

Талкуунун жүрүшүндө муниципалдык кызматкерлердин эмгек акыларынын узак убакыттан бери кайра каралбагандыгы, административдик-аймактык реформанын алкагында иш жүгүнүн көбөйгөндүгү жана кадрдык туруктуулукту камсыз кылуу зарылдыгы белгиленди. Катышуучулар тарабынан эмгек акыларды жогорулатуу сунушу негиздүү жана колдоого татыктуу деп табылды.

Коомдук талкуунун жыйынтыгы боюнча сунушталып жаткан чечимге олуттуу каршы пикирлер билдирилген жок.

**9. Жыйынтык**

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын, Кыргыз

Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 Токтомунун талаптарына ылайык, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, Балыкчы шаарынын мэриясынын жана Балыкчы шаардык Кеңешинин муниципалдык кызматкерлеринин жана тейлөө персоналынын эмгек акыларын **2026-жылдын 1-январынан тартып 50 пайызга жогорулатуу** максатка ылайыктуу жана негиздүү деп эсептелет.

**Мэрдин орун басары** **Н. Т. Турсунбеков**

Экономика ,
инвестиция жана
тышкы байланыштар
бөлүмүнүн башчысы А.Б. Иманканова